Бекитемин

**Жалпы билим берүүчү мектептердин мугалимдеринин**

**кызматтык милдеттер:**

- ишмердүүлүгүн жүргүзүүдө түздөн-түз окуу-тарбия иштери боюнча директордун орун басарына баш иет;

- класста окуу жана тарбиялоо иштерин жүргүзөт;

- окуучулардын укуктарын жана кызыкчылыктарын коргойт;

- кесиптештери жана окуучулары менен бирдикте педагогикалык этиканын негизинде мамилешет;

- мектептин өнүгүүсүнүн негизги багыттарына активдүү катышат;

- мектептин иш кагаздарын өз убагында жана туура толтурат;

- педагогикалык кещештердин заседаниелерине, усулдук кеңештин, заседаниелерине, усулдук семинарларга катышат;

- окуу планындагы мектеп компонентине ажыратылган сааттарды аныктоого жана аларды ишке ашырууга катышат;

- мамлекеттик стандарттагы билим берүү программаларын, окуу пландарын ишке ашырат, окуучулардын окуу материалдарынын сапаттуу өздөштүрүүсүн камсыз кылат;

- окутуунун жаңы технологияларын жайылтууну ишке ашырат;

- окуучулардын алдын-ала жана жыйынтык атесстацияларын жүргүзөт;

- ата-энелер (алардын ордун басуучулар) менен байланыш түзөт;

-жогорку кесиптик деңгээлде сабактарды өтөт жана сабагынан жетишпеген, артта калган окуучулар үчүн консультацияларды уюштурат;

- окуучуларды олимпиадаларга жана конкурстарга катыштырууга даярдайт;

- класстардагы педагогикалык-психологиялык климаттын жакшырышына өбөлгө түзөт жана класс жетекчилерге педагогикалык жагдайдын жүрүшү боюнча кабарлайт;

-өзүнүн классынын жекече-педагогикалык өзгөчөлүктөрүн изилдейт жана класстагы окуучулардын тартибине, жүрүш-турушуна, жетишүүсүнө, катышуусуна көзөмөл жүргүзөт;

- өз билимин өркүндөтүү курстарынан өтөт жана мектептин аттестациялык комиссиясына өзүнүн кесиптик квалификациялык категориясын тастыктоо үчүн аттестациялоого катышат;

- балдарды коргоонун талаптарынын сакталышын жана жашы жетпегендердин укуктарын, кызыкчылыктарынын корголушун камсыз кылат;

- билим берүү мекемесинин материалдык-техникалык базасынын, техникалык коопсуздук эрежелеринин, санитардык гигиеналык режимдердин талаптарынын сакталышын камсыз кылат жана окуучулардын эмгегин коргоого жооп берет;

- окуучулардын окуу жана окуу-методикалык адабияттар менен камсыз болуусун, алардын сарамжалдуу колдонуусун көзөмөлдөйт;

- билим берүү мекемесиндеги окуу процессинде жана класстан тышкаркы иштерди өткөрүү мезгилдеринде бекитилген окуучулардын ден-соолугуна, өмүр коопсуздугуна тикеден-тике жекече жооп берет.